КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ОШ ОБЛУСУНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮ

ПОЛНОМОЧНЫЙ ПРЕДСТАВИТЕЛЬ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В ОШСКОЙ ОБЛАСТИ

БУЙРУК
РАСПОРЯЖЕНИЕ

_____ № _____

Жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө

Жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу, кайрылууларды өз убагында, толук жана сапаттуу кароону жакшыртуу максатында **буйрук кылам**:

1. Райондук мамлекеттик администрация башчылары-акимдерге жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына:

- жарандардын кайрылууларын тийиштүү түрдө өз убагында толук кароонун натыйжалуулугуна жетүү үчүн жетекчилердин жеке жоопкерчиликтери жогорулатылсын;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-октябрындагы №197 тескемеси менен бекитилген “Коомдук кабылдамалар жөнүндө” жобонун талаптары кынтыксыз аткарууга алынсын;
- жарандардын көйгөйлүү маселелерин, арыз-даттанууларын жеринде угуу, аларды ыкчам каroo жана чечүү максатында графикке ылайык эл менен жолугушууларды дайыма өткөрүү, ошондой эле заманбап маалыматтык-коммуникациялык ыкмаларды колдонуу менен (онлайн) жолугушууларды өткөрүү колго алынсын;
- жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн абалы тууралуу маселени коллегиялык жыйындарда системалык түрдө карап, арыз-даттануулар ар тараптан калыс жана өз убагында каралбай, мыйзам талаптары бузулуп жана аткаруу мөөнөттөрү создуктурулган учурлар орун алса, жооптуу болгон аткаруучуга жана жетекчиге карата таасир этүүчү, кызмат ордунан бошотууга чейинки тартиптик чараларды колдонуу практикалансын;
- социалдык тармактар, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу чыгып жаткан кайрылуулар боюнча мониторинг жүргүзүлүп, тиешелүү иштер алып барылсын;
- жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча кызматкерге коюлган квалификациялык талаптар күчөтүлүп, бул тармакта ишти алып барууга жөндөмдүү, тажрыйбалуу кызматкерлерди кабыл алууга өзгөчө көңүл бурулсун.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- райондук мамлекеттик администрация башчылары-акимдердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын эл менен жеринде жолугушууларынын графиги иштелип чыгып, аткарууга алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты тарабынан жарандардын кайрылууларын жеринде өз убагында жана сапаттуу кароо максатында ыйгарым укуктуу өкүлдүн, өкүлдүн орун басарларынын жарандардын суроолоруна социалдык тармактар аркылуу онлайн форматта жооп берүү үчүн түз эфирден жолугушуулары уюштурулсун (жооптуу уюштуруу-инспектордук, кадрдык иштер жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн коомчулук менен байланыш жана протокол секторунун жетектөөчү адиси М.Маматкарим уулу).

3. Бул буйруктун аткарылышы боюнча райондук мамлекеттик администрациялар ар кварталдын кийинки айынын 5инен кечиктирбестен маалымат жөнөтүп турушсун.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 12-майындагы жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндөгү №52-68 буйругу жокко чыгарылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жетекчиси С.Самидин уулуна жүктөлсүн.

Ыйгарым укуктуу өкүл **Э.Н.Джантаев**

Кол койгондор:

С.Самидин уулу

А.Эгемжарова

А.Айтматов

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН